КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин I-чакырылышынын
Х-кезексиз сессиясынын
Токтому №13/2**

2024-жылдын 5-сентябры — Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагы боюнча долбоорлорду сунуштоо жөнүндө**

Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан КР Финансы министрлиги тарабынан каржылануучу дем берүүчү грантка, Нарын облустук "Теңир-Тоо" өнүктүрүү жана Жумгал райондук өнүктүрүү фонддоруна 2025-жылга карата айыл аймагы тарабынан долбоорлорду сунуштоо боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун карап, айылдык кеңештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан КР Финансы министрлиги тарабынан каржылануучу дем берүүчү грантка, Нарын облустук "Теңир-Тоо" өнүктүрүү жана Жумгал райондук өнүктүрүү фонддоруна төмөндөгү долбоорлор сунушталсын:

1) КР Финансы министрлигин каржылоосундагы дем берүүчү грантка:
- "Кызарт" ҮДТнын эски имаратын капиталдык оңдоодон өткөрүү долбоору;
- Жаңы-Арык акйылындагы М.Акимкожоев атындагы маданият үйүнүн имаратын капиталдык оңдоодон өткөрүү долбоору.

2) Нарын облустук "Теңир-Тоо" өнүктүрүү фондуна:
- Базар-Турук айылындагы "Жаны-Арык" каналынын 3 км аралыгын таш тизип бетондоо долбоору;
- Куйручук айылындагы "Дөөлөт-Арык" каналынын 3 км аралыгын таш тизип бетондоо долбоору
- Айыл чарба тракторун шайманы менен сатып алуу долбоору.

3) Жумгал өнүктүрүү фондуна:
- Жаны-Арык айылындагы "Ынтымак" паркын оңдоодон өткөрүү долбоору.

2. Бул долбоорлордун өздүк салымы үчүн коюлуучу акча каражаттары Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин долбоору каралганда бөлүнүп бериле тургандыгы белгиленсин;

3. Жогоруда долбоорлордун өз убагында тиешелүү иш кагаздарын даярдап бүткөрүү жана долбоорлорду сунуштоо жагы Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**